"Бекитемин"
ОшТУнун ректору, т.и.к., профессор
______________Турсунбаев Ж.Ж.
"21" 04 ______________2025-ж.

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Сапат комитетинин отурумунун

**№1-ПРОТОКОЛУ**

2025-жылдын 18-апрели — Ош шаары, кеңешме залы

**КАТЫШКАНДАР:**
1. Турсунбаев Ж.Ж. - ОшТУнун ректору, төрага
2. Мамытов У.Ж. - ОИ боюнча проректор, төраганын орун басары

**Мүчөлөрү:**
1. Акматалиев А.Т - СБжӨ б-ча проректор
2. Абдуллаев У.Д. - окуу бөлүмүнүн башчысы
3. Шабданов М.Д. - АжК институтунун директору
4. Саттарова А.Т. - ТГИ борборунун башчысы
5. Мурзакулов Н.А. - ЭжТ институтунун директору
6. Саадалов Т.Ы. - ГТКнын директору
7. Абдалиев У.К. - ИП институтунун директору
8. Хамзаева А.М. - ЭжБ институтунун директору
9. Тешебаева З.А. - ТжЖП институтунун директору
10. Зулпуев Э.А - Өзгөн ТжББ институтунун директору
11. Азимова А.А. - ББСАжЛБнүн башчысы, катчы.

Жалпы: - 15 мүчө, катышкандар - 13, себептүү 2, кворум бар.

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага:** Урматтуу мүчөлөрү Саламатсыздарбы, урматтуу сапат комитетинин мүчөлөрү, бүгүнкү отурумга 15 сапат комитетинин мүчөлөрүнөн 13 мүчө катышып олтурат, демек отурумду өткөргөнгө кворум бар. Анда бүгүнкү отурумундагы коюлган маселеге көңүлүңүздөрдү бурсак:

**Күн тартибинде**

1. 2024-2025-окуу жылы үчүн кафедралардагы профессордук- окутуучулук курамдын бекитилген окуу жүктөмдөрүндө бөлүнгөн дисциплиналар боюнча окуу-усулдук комплексине (анын ичинде жумушчу программа, силлабус), курстук иштердин квалификациялык иштердин темаларынын бекитилишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча комиссиянын отчету (комиссиянын төрагасы: Шабданов М.Д.).
2. 2024-2025-окуу жылында профессордук-окутуучулук курамдын студенттерге билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү боюнча комиссиясын отчету (комиссиянын төрагасы: Ташбаев А.М.).
3. 2024-2025-окуу жылынын күзгү семестриндеги өтүлгөн сабактардын жүрүшүн "Студенттердин көзү менен" бааллоонун сурамжылоо комиссиясынын курамынын отчету (Мамытов У.Ж.).

4. 2024-2025-окуу жылында аккредитациядан өтө турган билим берүү программаларын кароо жана бекитүү (Мамытов У.Ж.).

5. Жаңыдан ачыла турган жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларына лицензия алууну кароо талкулоо (Турсунбаев Ж.Ж.).

6. Ар түрдүү маселелер: Сапат комитетинин жобосун талкуулоо. ОшТУнун ички норматидик документтерин жаңылоо.

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага:** Биринчи маселе боюнча сөздү, комиссиянын төрагасы М.Д. Шабдановго берилет. Ар бир суроого регламент – 5 минуттадан убакыт берели.

**Шабданов М.Д., комиссиянын төрагасы:** Саламатсыздарбы комитеттин мүчөлөрү! Сиздердин назарыңыздарга 2024-2025-окуу жылы үчүн кафедралардагы профессордук- окутуучулук курамдын бекитилген окуу жүктөмдөрүндө бөлүнгөн дисциплиналар боюнча окуу-усулдук комплексине (анын ичинде жумушчу программа, силлабус), курстук иштердин квалификациялык иштердин темаларынын бекитилишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча комиссиянын текреүүсүнүн жыйынтыгы менен тааныштырып кетсем.

Текшерүүнүн корутундусунда университеттин жалпы профессордук-окутуучулук курамы боюнча жалпы бүгүнкү күндөгү абалы тууралуу маалыматтар берилди (комиссиянын корутундусу тиркелет).

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага:** М.Д. Шабдановдун баяндамасы аяктады, суроолоруңуздар болсо берсеңиздер.

**Акматалиев А.Т.:** Саламатсыздарбы, сонун баяндама болду. Муса Добулович, менде 2 суроо бар. 1. Бүгүнкү күндө КРнын Өкмөтүнүн токтому бар, анда бүтүрүүчү квалификациялык жумуштардын темалары боюнча, Өкмөттүн токтому аткарылып жатат бекен? 2-суроом: Экономика жана финансы кафедрасында 400 бүтүрүүчү бар? Бул бүтүрүүчүлөр ийгиликтүү бүтүрө алышабы? Ушул боюнча маалымат берсеңиз.

**Шабданов М.Д.:** Биздин комиссияда 9 мүчө бар. Баарыбыз 2ден бөлүштүрүп алып университеттеги жалпы кафедраларды/ПЦБларды бөлүштүрүп алдык. Биздин башка кафедралардагы ВКРдин темаларын караганга адис болбогондуктан, биз документацияларды эле карап чыктык. Бул боюнча институттун директору жооп берип косо.

**Хамзаева А.М.:** Быйылкы жылы бизде 878 бүтүрүүчү бар. Бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү сырттан окуу бөлүмүндө окушат. Алардын 90 % Өзбекстан Республикасынан, бүгүнкү күндө 60% бүтүрүп жатат. Дипломдун сапатын камсыз кылуу үчүн ОИ боюнча проректор, ОБ менен бир нече жолу Мамлекеттик экзаменге өткөрүү үчүн талкуулаганбыз. Бирок мамлекеттик стандартта ВКР болгондуктан, биз стандарттан чыга алган жокбуз.

**Саттарова А.Т.:** Муса Добулович УБ кафедрасындагы 83 дицсиплина туура элеби? Окуу предметтери көп окутуучулардын УМКлары кандай экен? Ар бир окутуучуга 8 предметтен туура келип жатса? Сабакты өткөндө кыйынчылык, сапаты кандай болуп калат?

**Шабданов М.Д.:** ББжСИ кафедрасы 3 багытты даярдап чыгарат. Ошондуктан окуу дисциплиналары көп болсо керек. Бул суроого кошумчалап институттун директору жооп берип койсо жакшы болмок.

**Хамзаева А.М.:** Бул кафедрада 3 багытта адистиктер даярдап чыгарылат. Алар Бизнести башкаруу, Социалдык иш, Аймак таануу. Профилдик сааттары ошондой болот. Мисалы, БУиА 2 багытта адисттер даярдап чыгарылат. Биздин институтту

2023-жыл окуу пландарды кайрадан бекитүүдө толугу менен окуу дисциплиналарды карап, бирдей бөлүштүргөнгө аракет кылганбыз.

**Мамытов У.Ж.** Жалпы көз караш менен айтылып кетип жатат. Андан да азайтса жар жайыт болуп кетет. 2023-жылдан тарта иштеп жатабыз.

**Шабданов М.Д.**: 2023-ж ГОСто дисциплиналар көрсөтүлгөн эмес, жалпы эле кредит берилген. Окшош сабактарды бириктирүү же азайтуу керек деп ойлойм.

**Саттарова А.Т.**: Гуманитарный циклды айтып жатасызбы?

**Шабданов М.Д.:** Жоок, спец.дисциплина боюнча айтып жатам.

**Ташбаев А.М.** Бул кафедранын сапатына шарт түзбөйт. Бул жерде тенденция болушу керек. Сааттарды сыртка бербейт. Сунушум: май айында кафедралардагы дисциплиналардын тизмесин кароо керек, 1 курстун студенттерин бөлбөй окутуу зарыл. Себеби: эксперимент кылып бир институтту алалы: КПВ, экзамен бизде мурдакыдай зачет, экзамен киргизели. Мисалы физкультураны караш керек. Индивидуальный траектория студент деген болуу зарыл. Сырткы булактар бизде анча эмес. Кафедрадагы дисциплиналарды институт директорлору карашы керек.

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага:** 83 дисциплинанын баары адистик сабакбы же тейлөөчү сабакбы?

**Шабданов М.Д.:** 83 дисциплинанын баары адистик сабактар.

**Турсунбаев Ж.Ж.:** Башка суроолоруңуздар жок болсо, экинчи маселе боюнча сөздү, комиссиянын төрагасы А.М. Ташбаевге берели.

**Ташбаев А.М., комиссиянын төрагасы:** Саламатсыздарбы сапат комитеттинин мүчөлөрү! 2024-2025-окуу жылында профессордук-окутуучулук курамдын студенттерге билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү боюнча комиссиясын отчету менен сиздерди тааныштырып кетсем (комиссиянын отчету тиркелет).

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага:** А.М. Ташбаевдин баяндамасы аяктады, суроолоруңуздар болсо берсеңиздер.

**Саттарова А.Т.,** Сиздин пирикиңизге кошулам. Жаңыдан кабыл алынган окутуучуларды тест, жүргүзүп, билимин карап коюу керек.

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага:** Резерв кадрды түзүү боюнча жобону түзүү керек. Адастиги боюнча тест тапшыруу керек. Текшерүүдөн эч кандай жыйынтык чыкпай жатат. Башка суроолорунуздар жок болсо, анда 3 маселе боюнча сөздү У.Ж. Мамытовго берели.

**Мамытов У.Ж.:** Урматтуу комиссянын мүчөлөрү, сиздердин назарыңыздарды "Суденттин көзү менен" жобосунун негизинде жүргүзүлгөн анкетирлөөнүн жыйынтыгы менен тааныштырып кетейин. (Анкетирлөөнүн жыйынтыгы тиркелет). Демек, жалпылап айтканда, экзамендик сессиянын алдында консультациялар, мамлекеттик экзамендин алдында обзордук лекциялар уюштурулбай жаткандыгын белгилеп кетким келет. Сиздерден сураныч, ушуну жалпы көзөмөлгө алыңыздар.

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага**: Суроолорунуздар болсо бериңиздер? Суроо жок болсо, кийинки маселе боюнча да У.Ж. Мамытов маалымат берсин.

**Мамытов У.Ж.:** 2024-2025 окуу жылында аккредитациядан өтө турган билим берүү программаларын карап жана бекитип коелу. 2025-2026-окуу жылында жалпысынан 32 программа өтөт (Аккредитациядан өтүүчү программалардын тизмеси тиркелет).

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага**: Урматтуу коллегалар каралуучу маселе жаңыдан ачыла турган жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын лицензия

алууну кароо жана талкулап коелу. ББжИМне 17 программа боюнча арыз берилип, документтер жөнөтүлдү (Жаңыдан лицензия алынуучу программалардын тизмеси тиркелет).

**Акматалиев А.Т.:** Алима эжеке, бүгүнкү күндө аспирантурадагы адистерге да лицензия алынып калганбы? Азыр алсак болобу? Жаңыдан алынган лицензия боюнча биздин окуу аянтыбыз жетиштүүбү?

**Азимова А.А.:** Ооба, лицензия алынат. Биз лицензиянын документтерин жылдагыдан айырмаланып электрондук түрдө жөнөттүк. Документтерин даярдап берсеңиздер жөнөтүп койсок болот. Окуу аянттары туура келет десем болот. Себеби азыр 1 студентке 3 м кв. туура келиши керек. Бизде азыр орто эсеп менен 45000 минге жакын окуу аянты бар. Ал эми жалпы 12000 дей студент бар. Университеттин жана колледждин бүтүрүүчүлөрүн чыгарып салсак, туура келет деп ойлойм.

**Турсунбаев Ж.Ж., төрага**: Башка суроолоруңуздар жок болсо анда, токтомду кабыл алсак.

Талкуунун жыйынтыгы менен жалпы бүтүмгө макулдук берүү менен

**ТОКТОМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**

1. ОшТУда жаш окутуучуларга сабак өтүүнүн методикасы боюнча курстар уюштурулсун (жооптуулар: каф.башчылары, ПЦБ башчылары, ББСАжЛБ).
2. 2025-жылдын май айында кафедралардагы бекитилген окуу дисциплиналары кайрадан каралып чыгып, такталсын (жооптуулар: каф.башчылары, ПЦБ башчылары, институттун директорлору, окуу бөлүмү).
3. 2025-2026-окуу жылында аккредитация мөөнөтү аяктаган жана жаңыдан өтө турган багыттар/адистиктер аккредитациядан өтүү үчүн даярдыктар көрүлсүн (жооптуулар: кафедранын/ПЦБнин башчылары, инст./ГТКнын директорлору, струк. бөлүмдөр, окуу бөлүмү, ББСАжЛБ).
4. Анкетирлөөнүн жыйынтыгынын негизинде тайпаларга экзамендик сессиянын алдындагы консультациялар, мамлекеттик экзамендик алдындагы обзордук лекциялар уюштурулуп өткөрүлсүн (жооптуулар: бүтүрүүчү каф./ ПЦБнин баш., инст./ГТКнын дир., окуу бөлүмү).
5. Рейтингдик жана экзамендик сессиянын жумалыктарында студенттердин билимин баалоонун жүрүшү көзөмөлдөнсүн (жоопуулар: кафедранын/ПЦБнин башчылары, институттун/ГТКнын директорлору, окуу бөлүмү).
6. Токтомдун аткарылышы ОИ боюнча проректору, т.и.к., профессор Мамытов У.Ж. тарабынан көзөмөлдөнсүн.

Сапат комитетинин төрагасы,
т.и.к., профессор — Турсунбаев Ж.Ж.

Сапат комитетинин катчысы — Азимова А.А.